КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XIV сессиясынын № 23 токтому

**18-август 2023-жыл**

**Акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Бюджет Кодексине" жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык, Төрт-Күл айыл Өкмөтүнүн системалык администратору жана маалыматтык компьютердик технологиялар боюнча адиси М.Жумабекованын маалыматын угуп, талкуулап айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Төрт-Күл айыл өкмөтү боюнча 2023-жылы мамлекеттик сатып алуулардан порталынан үнөмдөлгөн акча каражаты 433,0 миң сом жергиликтүү бюджеттен теңдештирүүчү грантка жылдыруудан үнөмдөлгөн 498,9 миң сом жергиликтүү бюджеттен каралган кызматтардын атын өзгөртүүдөн үнөмдөлгөн 1037,8 миң сом, жалпы 1976,5 миң сом акча каражаты төмөндөгүчө жумшалсын:

Аппарат 2215 берене Сырт өрөөнүндөгү Жылуу-Суунун имаратын үйү менен сатып алууга (муниципалдык менчикке өткөрүп, балансқа алууга) 100,0 миң; 1С программасын киргизүүгө 60,0 миң сом, "Сыймыктуу инсан", "Ардактуу атуул" наамдарына лента, медаль жасатууга 20,0 миң сом, архивдин документтерин өткөрүп келүүгө 20 миң сом, Жигердүү жарандар долбоорунун алкагында ноутбук, принтер алууга өздүк салым жасоого 40,0 миң сом -3112 берене, ЖКХ техникаларга тетиктерди сатып алууга 240,6 миң сом -2214 берене, Суук-Булак, Таш-Жон участкаларына түнкү жарыктарды орнотууга 80 миң сом -2222 берене, айылдардын ички көпүрөлөрүнө кум-шагыл төгүү үчүн ГСМ (диз.топливо) алууга 272,7 миң сом – 22141100 берене, айыл ичиндеги көпүрөлөргө көпүрө алууга 203,4 миң сом -22221100 берене, Темир-Канат айылына таштанды палигонун курууга кошумча материал алууга 78,0 миң сом -2222 берене, Кырмандын алдындагы көчөгө электр жарыгын тартууга электр чубалгыларын алууга 80 000 сом -3111 берене, Төрт-Күл айылынын Кенемте, Абдрашит-Ата, Т.Иманова көчөлөрүнө электр жабдыктарын орнотууга 184,6 миң сом -2222 берене, Темир-Канат айылынын маданият үйүнүн алдына парк куруу үчүн материал алууга 300,4 миң сом -2222 берене, Болот Мамбетов атындагы орто мектебинин эски имаратынын машыгуу залын оңдоп түздөөгө 0,5 миң сом -2222 берене, Кара-Суу участкасындагы балдар ойноочу аянтчасын курууга материал алууга 105,4 миң сом -2222 берене, бала бакча үчүн керектүү товарларды алууга 190,9 миң сом – 2222 берене жумшалсын. Теңдештирүүчү гранттын аппаратынын 2111- статьясынан 292,3 миң сомду, 2121-статьясынан 50,5 миң сомду азайтып, клубдун 2111-статьясынан 133,1 миң сомду, 2121-статьясынан 23,0 миң сомду азайтып, аппараттын 22122900- статьясынан 22,9 миң сомго, аппараттын 22311100-статьясынан 4,6 миң сомго, мектептин 2231100-стаьясынан 39,5 миң сомго, бала бакчанын 22311100-стаьясынан 11,3 миң сомго, бала бакчанын 22181100-статьясынан 327,5 миң сомго, К.Тайлаков атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 31112320-статьясынан

93,1 миң сом дем берүүчү грант менен капиталдык ремонт жүргүзүлүп жаткандыктан өздүк салым катары бөлүнүп берилсин.Жалпы сумма 1983,3 мин сом.

Төрт-Күл айыл өкмөтүнө караштуу №5 балдар бакчасынын көмөкчү чарбасынын малдарын сатуудан эсепке түшкөн 219,8 миң сом акча каражаты бала бакчанын 2215 беренесине чабандын 2023-жылкы өткөрүш убагына чейинки эмгек акысы үчүн 16,5 миң сом, ар кандай санитардык тазалыкты сактоо максатында пайдалануучу тез бузулуучу каражаттарга 203,3 миң сом -2222 берене жумшалсын.

2. Бул токтомдун аткарылышы Төрт-Күл айыл аймагынын башчысы У.Төлөновго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын Төрт-Күл айылдык Кеңешининин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча комиссиянын төрагасына тапшырылсын.

**Төрага** **У.Карыпбаев**